БИШКЕК ШААРЫ
ЛЕНИН РАЙОНУ
№82 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИ

# ПСИХОЛОГДУН УКУКТУК СТАТУСУ
# ЖОБО

Бекитемин
Мектептин директору
А.Н.Исраилова
01. 09.2022-жыл

**Психологдун укуктук статусу**

## 1. Жалпы жобосу

**1.1.** Психологдун кызматы шаардык кенештин 26.01.98.жылдагы “Элге билим берүү мекемелерине психологдун кызматын киргизүү” токтомунун негизинде бекитилет.
**1.2.** Жогорку билими бар, курактык жана педагогикалык психология, психокоррекциялык, консультативдик активдүү методдорун жакшы билген тажрыйбалуу психолог ишке бекитилет.

**1.3.** Психолог диагностикалык, профилактикалык, өстүрүүчү, калыбына келтирүүчү жана башка багыттардагы өзүнүн практикалык иштерин билим берүү мекемелеринин психологиялык кызматтарына жүргүзөт.

**1.4. Психологдун негизги тапшырмалары:**

- Окуучулардын жана мугалимдердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн ачып көрсөтүү: алардын иштөө деңгээлин жогорулатууда администрация жана педагогдук коллектив үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу.

- Педагогикалык окуу процессинде пайда болгон кыйынчылыктарды жана алардын психологиялык себептерин ачып көрсөтүү; аларды жок кылуу жана алдын алуу үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу.

- Окуучуларга ата-энелерге, мугалимдерге, ошондой эле мекеменин башка кызматкерлерине дагы реалдуу түрдө психологиялык жарадам көрсөтүү. Окуучунун келечектеги кесибин тандоого жардам берүү.

- Окуучуларды таануу процессинде педагогикалык коллективге жардам көрсөтүү.

- Окуучунун чыгармачылык ойлонуусун өнүктүрүүдө мугалимдерге жардам көрсөтүү: педагогдун мамилеси жана психодиагностикалык жогорку чебердиги.

- Окуучулар арасында алкоголизм.токсикономия.наркомания боюнча жана сексуалдык чойродо азыркы психологиянын негизинде системалык алдын алуу чараларын откоруу.
- Психологиялык –педагогикалык билимдерди киргизүү.

**1.5.** Психологдун иштери бекитилген программалардын негизинде өзүнөн жогору турган психологиялык центр, мектеп директору жана педсоветтин алдында текшерилет. Психолог администрациянын кээ бир көрсөтмөлөрүн аткарбай койууга укугу бар, эгерде ал көрсөтмөлөр психологдун талабына карама каршы келсе.

**1.6.** Психолог окуучулардын ар тараптуу жана гармонияда өсүүсү үчүн педагогикалык коллективдер, медициналык кызматтар, камкордук жана багып асыроочу органдар, социологдор жана өкүлчүлүк коомдоруу менен тыгыз кызматташтыкта болуу менен иш алып барат.

Сканировано с CamScanner

1.7. Психолог окуучулар жана педагогикалык коллективдин мүчөлөрү менен комплекстүү диагностика, коррекциялык жана профилактикалык иштерди жүргүзүүгө керектүү шарттары бар, өзүнчө мекеме тарабынан бөлүнгөн кабинетте иштейт.

1.8 Психологдун иштөө тартиби максаттарына, иштерине жана программаларына ылайык жалпы мектептин иштоо тартибине жараша аныкталат, мектеп директору жана профсоюздук комитетинин макулдашуусу менен бекитилет.

**Психологиялык кызматтын максаттары жана иштери**

✓ Психологиялык кызматтын негизги маакcаты-азыркы психологиянын жетишкендиктерин окутуу жана тарбия иштеринде практикалоо. Психологдун практикалык иштери конкреттүү билим берүү мекемесинин шарттарында жана анын изилдөө иштеринде жүргүзүлөт.

✓ Психолог окуу-тарбия процессинде психологиялык анализ жүргүзүү жана негизделген илимий рекомендацияларды, проектик программаларды түзүү.

✓ Психолог педагогикалык коллективдин толук укуктуу мүчөсү болуу менен, кесибине байланыштуу мектептин баардык жашоо суроолоруна, ошондой эле педсоветте (баардыгына эле бирдей үнгө ээ болуу менен) илимий эксперт катары салым кошот.

✓ Психологдун иши – илимий маалыматтарга негизделген методдорду иштеп чыгууда мугалимдерге жардам берүү;

✓ Психологдун эң негизги иши-пландуу түрдө окуучунун ар тараптуу жана гармониялык өсүүсүндөгү тоскоолдуктарды жок кылуу.

✓ Психолог мугалим менен окуучуга жекече өсүү, өзүн-өзү таануу, өз ара мамиледеги проблемаларды чечүүгө, психологиялык чөйрөнү жакшыртууга, коллективдеги конфликтерин чечилүүсүнө жардам берет.

✓ Психолог психологиялык методдордун жардамы менен окуу-тарбия иштеринде педагогикалык коллективге ыңгайлуу методдорду тандап жана аны менен иштөөгө жардам берет.

✓ Психолог мугалимдердин педагогикалык чебердигин жана квалификациясын жогорулатууда, мугалимдин ар бир окуучуну изилдеп чыгуусуна жана аларга жекече пландарды түзүүгө жардам берет.

**Психологдун укугу жана милдеттери**

1. **Психолог укуктуу:**
   - Окуучулар, мугалимдер, ата-энелер жана башка мекеменин кызматкерлери менен иш алып барууда психологиялык иштердин жүргүзүү кезектерин бекитүүгө;
   - Окуу процессинин жана коомдук организациялардын жетекчилик органдарына психологиялык кызматтын ийгиликтүү жүрүшүнө керектүү сунуштарын киргизүүгө;
   - Окуу-тарбиялык процессин уюштуруудагы бардык документтерин карап чыгууга жана таанышууга;
   - Окуу мекемесин коллективинде группалык жана жекече изилдөөлөрдү жүргүзүүгө; ошонун негизинде: негизги жалпы көйгөйлөрүн чечүүдө, окуучунун психологиялык жактан толук баалуу өсүүсүнө кам көрүү жана жекече мамиле кылуусуна психологиялык тесттерди түзүү, колдонуу жана кайрадан иштеп чыгууга.
   - Жогорку окуу жайларынын психологиялык кафедралары менен тыгыз байланышты кармоого;
   - Административдик кызмат орундарына мугалимдердин кандидатурасын көрсөтүүгө, класс жетекчилерин дайындоого; окуучулардын өзүн-өзү башкаруу советтерин түзүүгө; мугалимдер, окуучулар жана администрациянын ортосундагы конфликтерди чечүүгө;

Сканировано с CamScanner

мектептеги психологиялык жагымсыз климатка профилактика жүргүзүүгө рекомендация берүүгө.

**2. Психолог милдетүү**

- Өзүнүн бардык иштерин өкмөттүк жана норматтивдик документтерге, азыркы жобого, Кыргыз республикасынын билим берүү министирлигинин Бишкек, шаардык билим берүү башкармалыгынын буйруктары жана инструкцияларынын негизинде иш алып баруугa;
- Психологиялык илимдердин улам жаңы жетишкендиктерин билүүгө; анын ичинде социалдык, практикалык, куректын жана педагогикалык психологияны,жаңы илимий негизделген психологиялык меттоддору колдонууга; өзүнүн кесиптик квалификациясын жогорулатып турууга.
- Психологиялык укугу жок жана кесиби туура келбеген адамдарга мектепте диагностикалык, коррекциялык ж.б психологиялык иштерди жүргүзүүгө жол бербөөгө.
- Кесиптик сырды сактоого; диагностикалык жана консультативдик иштерин натыйжасында алынган маалыматтарды тараптоого;
- Мугалим-окуучу, окуучу-окуучу, мугалим-мугалим, мугалим-администрация деңгээлиндеги өз ара мамилени анализдөөгө жана туура сунуш берүүгө;
- Мугалимдер менен бирдикте окуучулардын мектепте жана анын шарттарына көнүүгө илимий негизделген программаларды иштеп чыгууга;
- Мугалимдердин, тарбиячылардын жана окуучулардын арасында психологиялык-педагогикалык билимдер тууралуу үгүттөр жүргүзүүгө.

**3. Психологдун жоопкерчилиги.**

- Психолог официалдуу протоколдордун, изилдөөлөрдүн сакталышына, документтердин туура, так жүрүшүнө жооп берет.
- Психолог диагностикалык, коррекциялык методдордун туура колдонулушуна жана туура диагноз берилишине жооп берет.
- Психолог диагностикалык, профилактикалык, өстүрүүчү, калыбына келтирүүчү жана башка багыттардагы өзүнүн практикалык иштерин билим берүү мекемелеринин психологиялык кызматтарында жүргүзөт.
- Мугалимдердин сыйлыкка көрсөтүлүшүн жетектөөгө алат, тиешелүү иш кагаздарын даярдайт.

**Кошумча кызматтык милдеттери**

Иш убактысы:

Усулдук күнүн, сабактарын эске албаганда 8 сааттык кызматтык ордунда иш алып барат.

Шаршемби күндөгү нөөмөтчүлүк түзүмүндө 2-кабаттагы окуу-тарбия иштерине көзөмөлдүк кылат жана жооп берет.

Тааныштым: ________ 1.09.2022

Сканировано с CamScanner